УДК: 930.8:392
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-77-83

**Муратов А.Ж.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
bashredaktor@mail.ru

## КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ САНЖЫРА БИЛИМДЕРИ: «МАНАС» ЭПОСУ

**Аннотация:** Кыргыздар – эң байыркы элдердин бири. Алардын элдик билимдери жана эмпирикалык тажрыйбалары көп түрдүү жана өтө бай болгон. Бирок ал проблема ар тараптуу изилденген эмес. Муну педагогикалык аспектиден изилдөөнүн зарылдыгы бышып жетилди.

Бул макалада элдик билимдер жана тажрыйбалар «Манас» эпосунда кандайча чагылдырылгандыгы мисалдар аркылуу көрсөтүлөт.

Кыргыз элинин билим берүү салттарынын азыркы учурдагы мааниси, максаты көрсөтүлөт.

**Негизги сөздөр:**элдик билим, этнопедагогика, эмпирикалык тажрыйба, санжыра, баатырдык эпос, көркөм образ.

**Муратов А.Ж.**
доктор педагогических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
bashredaktor@mail.ru

## ТРАДИЦИОННЫЕ ГЕНЕОЛОГИЧЕСКИЕ ЗНАНИЯ КЫРГЫЗОВ: ЭПОС «МАНАС»

**Аннотация:** Кыргызы – один из древнейших народов. Их народные знания и эмпирический опыт были разнообразны и богаты. Однако эта проблема всесторонне не изучена. Назрела необходимость исследования этого с педагогической точки зрения.

В данной статье на примерах показано, как народные знания и опыт отражены в эпосе «Манас».

Представлены современный смысл и цель образовательных традиций кыргызского народа.

**Ключевые слова:** народное образование, этнопедагогика, эмпирический опыт, генеалогия, героический эпос, художественный образ.

**Muratov A.J.**
Doctor of Pedagogical Sciences, professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
bashredaktor@mail.ru

## TRADITIONAL GENEALOGICAL KNOWLEDGE OF THE KYRGYZ: THE EPIC "MANAS"

**Annotation:** The Kyrgyz are one of the oldest nations. Their folk knowledge and empirical experiences were diverse and rich. However, this problem has not been studied comprehensively. The necessity of researching this from a pedagogical aspect has matured.

This article shows how folk knowledge and experiences are reflected in the epic "Manas" through examples.

The current meaning and purpose of the educational traditions of the Kyrgyz people are presented.

**Key words:** folk education, ethnopedagogy, empirical experience, genealogy, heroic epic, artistic image.

**Актуалдуулугу.** Элдик билимдердин ичинде санжыра да маанилүү орун ээлеген. Санжырада илимдин бир катар көрүнүштөрү байкалат. Санжыра, албетте, илим эмес, бирок анын маанисин төмөндөтүп жомокко айлантуу да туура эмес. Эл, анын ичинде манасчылар, кимдин кайсыл уруудан экендигине, ким ким менен кайсыл атадан кошуларына өзгөчө маани берет.

«Манас» үчилтигинде 445 адам аты учурайт, ошолордун көпчүлүгү кайсыл элден, кайсыл уруудан экендиги белгиленет. Мунун өзү элдин да, манасчылардын да билимдүүлүгүн айгинелет. Санжыра бул – сүрүштүрүү, ата-тегин, түпкү насилин тактоо.

**Максаты:** Кыргыз салттуу маданиятындагы санжыра чыгармачылыгын маанисин жана анын «Манас» трилогиясында чагылдырылышын көрсөтүү.

**Методдор:** адабияттарга илимий анализ; талдоо; салыштыруу; текстти интерпетациялоо.

«Манас» эпосун кыргыз элинин турмушун ар тараптуу чагылдырган энциклопедиялык чыгарма деп атап келе жаткандай эле, ошол чыгарманын курамындагы санжыралык маалыматтардын көптүгү эл канчалык даражада санжырага маани берип келгендигин күбөлөйт. Себеби «Манас» эпосу уруулук түзүлүш күчтүү фактор катары элдин социалдык абалына, жашоосуна, саясый системасына катуу таасир эткен доолордо пайда болуп, калыптанды жана анын айтуучулары да, угуучулары да уруулук-патриархалдык коомдо жашашты. Манас баатырдын жана анын тарапкерлеринин эң башкы идеясы да майда бытыранды уруулардын башын бириктирип, уруулук аң-сезимден, уруулук тилек-максаттардан жалпы элдик, улуттук аң-сезимге, тилек-максатка жеткирүү, «курама жыйып эл кылуу» ою болгон. Мына ушул идеяны көрсөтүү үчүн да айтуучуларга санжыралык билим керек эле.

Көркөм адабий тексттеги уруу аттарын көрсөтүү – бул же тигил уруунун кандай тарыхый доордо жана дипломатиялык байланышта жашагандыгын аныктайт. Мисалы, Манас туулуп той бергенде Алтай жана анын айланасындагы төмөнкүдөй уруу-уруктар чакырылат: кабырга тууган кыпчак, алчын, үйшүн, найман, абак, тарак, аргын, тыргоот калмагы, маңгул, кытай, сарт [1, 74-б.]. Ал эми Манаска ысым коюуга Жакыптын эң жакын катынашкан уруу-уруктарынан өкүлдөр катышат, алар: кыпчак Байжигит, кыргыз Элеман, аргын Каракожо, нойгут Акбалта, ногой Эштек, түрк Абдылда, өзбек Дамбылда, катаган Мунарбий [1, 86-б.]. Мына ушундай уруулук катынаштар эки жагдайды көрсөтөт: биринчиси, бай Жакыптын алыш-бериш, туугандашыш чөйрөсүнүн кеңдигин; экинчиси, кийин-соңу душман болуп чыга келүүчү уруулар менен да бир кезде сыйлуу мамиледе болгондугун.

Санжыра – бул жети атасын, анын ичинде түпкү атасын аныктап берген эл билими. Манастын түбүн Жакып «уругуң кыргыз – түрк» деп түшүндүрөт [1, 117-б.]. Мына ошондой

тарбияда өскөн балдар, түпкү тегин, жети атасын кайсыл жерде болбосун жаңылбай айтып берген. Акбалта (Балтадөө) жолоочу катары келе жаткан балдардан тек-жайын сураганда, анда Манас боло элек Чоңжинди, мындай деп айтат:

Жерибиз – Алтай, Кең-Токой,
Журтубуз – кыргыз кан Ногой,
Атамдын аты – Жакып бай,
Балтадөө деген тайым бар...
...Энемдин аты – Чыйырды,

Өзүмдүн атым – Чоңжинди [5, 379-б.]. Демек, санжырылык билим алган бала үчүн чоочун бирөө сураганда дароо айта салуучу визиттик карточкасы: биринчиси – туулган жери; экинчиси – турган журту; үчүнчүсү – атасынын аты; төртүнчүсү – тайы; бешинчиси – энесинин аты. Ушулардан кийин гана алтынчысы өзүнүн атын айтууга тийиш.

Кыргыздын балдары азыркы күнгө чейин ушул тартипти, ушул санжыралык жобо-мыйзамды катуу сактап келди.

Жогорудагыдай маалыматтарды Чоңжиндиден уккан соң Акбалта дөө баланын кем экендигин таанып, билип, ага Ороздудан бери өткөн ишти бир баштан айтып берип, баланын тууган-уругун санжыралайт. Мунун менен карыя жаш баланын оюна журтун чачыраткан душмандары менен күрөшүү, өч алуу идеяларын сиңдирет:

Батышты алгын маңдайга,
Жанупту көздөй ыңгайлап,
Самарканга барарсың,
Самаркандын үстүндө,
Бел-Саз деген жери бар.
Жамгырчы менен Шыгайдын,
Олжого кеткен моңгулга,
Ошондо сенин элиң бар,
Оолугуп кетпей, чунагым,
Ойлонуп айткан кебимди ал [5, 382-б.].

Мунун өзү да – санжыра, анын идеясы – уруу мүчөлөрүнүн чилдей тарап, кай тарапка кеткендигин, эмне үчүн кеткендигин түшүндүрүп берүү.

«Манас» эпосунун сюжетине караганда санжыра сүрүшүү эл ичине эки жол менен тараган: биринчиси – оозеки формада атадан балага, куйма кулак санжырачылардан дагы кийинки муун санжырачыларына өткөн; экинчиси – санжыра жазылган китептер болгон, буларды болсо салыштырмалуу түрдө тарыхый маалыматтарга жакын деп эсептөөгө болот. Мисалы, ошол кездеги кыргыз санжырасы «Ыстырлап» деген китепте да жазылган болуу керек деген ой кетет. Дегенибиз, Акбалта Чоң жинди менен биринчи жолуккан кезде анын тек-жайын айтып атып, унутуп калбайын деп жогорудагы китепти үч күндө бир жолудан карап койгонун айтат да, менин бир тууганым, тайың Жамгырчыны тап, аны менен акылдаш деп кеңеш берет [5, 384-б.]. «Сен Жакыптан туулсаң, ал Катагандан туулган» деп Ат-Башыдагы Кошой дөө жөнүн айтып, сен ага барышың керек, жолуга кетишиң керек, «чоңойгондо көрүшсөң, чоң таарыныч айтпайбы» дейт [5, 386-б.].

Мына ушул тууганын табуу идеясы, тайларынын бала үчүн кам көрүүсү – кыргыздардын санжыра сүрүүсүнүн натыйжасы. Тайлары жээндери үчүн жан аябай кызмат кылган, «жээн келгенче жети бөрү келсин», «жээн табак берели» деп колунда болгонун, тапканын берип турган. Акбалтанын биринчи көргөн Чоңжиндиге чылк алтындалган ак каңкы ээрди, күрөөкө

тонду берип турушу, жети жылдык боз бээ союп, үч жылдык кымыз куюп сыйлашы да элдин ошол салтынын уланышы.

Манасчылар эпопеянын сюжетин айткан, композициясын түзгөн, образдарды жараткан, көркөм сөздөрдү кынаптап койгон айтуучулар гана эмес, алар уруу, урукту, ата-текти, каармандарды бири менен бирин сүрүштүрүп айтып берген санжырачылар да экенин эпопея менен терең таанышкан соң ынанабыз.

Алардын санжырачылык билимин бир нече жагдайда көрөбүз.

1. Бул же тигил элдин аскери кайсыл уруу-уруктардан түзүлгөндүгүн. Мисалы,

Казак-кыргыз элинен,
Алжан, аргын дегенден,
Алчын, үйшүн бул элден,
Жыйырманы каттады [5, 462-б.].

2. Согуша турган тарапта кайсыл элдер, уруулар жашай тургандыгын. Мисалы,

Бээжин бекем жер деген,
Беш уруу кытай эл деген [1, 167-б.].

Мында ошол кездеги Кытай борбору Алтайдан беш айлык жол ары жаткан Бээжиндин да эли беш уруудан турарын айтып жатат. Же дагы:

Маңгүбаны жердеген,
Сазаңшаң деген эл деген,
Сазаңшаңдын баатыры
Макел-Малгун эр деген [4, 239-б.].

Манасчылар санжыранын сүрүмүнө салып кыргыз колу согушууга бара жаткан кытай элинин да генесологиялык маалыматын алдыбызга жайып таштайт:

Эң улугу Эсенкан.
Баатыр башы Коң төрө,
Башкасынан чоң төрө.
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Оронгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондук [4, 265-б.].

Мындагы Манаска душман уруулар: кытай, калмак, каңгай, каткалаң, солоон, токшукер, солобо. Ушунчалык уруунун баатырлары болсо, демек, согуша турган жоонун көптүгүн көрсөтүп берүү үчүн манасчы уруу биримдиктерин колдонууда.

3. Кайсыл уруулар, элдер кайсыл жерди турак кылганын көрсөтүүдө, же кайсыл адам кайсыл элдин өкүлү экенине басым жасоодо, мисалы:

Казактардан Будайык,
Жети атадан бер жакка,

Алмата жердеп келаткан [5, 464-б.].
Өзү казак уругу,
Семет баатыр дээр эле [5, 474-б.].
Көңтөй деген калдайы,
Татайды төтөп кылуучу [5, 475-б.].

1. Жети ата сүрүштүрүү, ата-тегин айтуу, мисалы: Акбалта уулу эр Чубак [5, 487-б.]. Манастын уулу Семетей, Семетей уулу Сейтек, Алмамбеттин Күлчоро ж.б. атасын кошо айтуу (азаркы фамилия сыяктуу) эпостун текстинде өтө кеңири учуруган көрүнүштөрдөн.

2. Кайсыл баатырды кайсыл уруу баатыр кылып тарбиялагандыгына басым коюу үчүн. Мисалы:

Катагандын Кошоюн,
Кайратын көрдүк ошонун [3, 26-б.].

Манасчылар эпостун курамында санжыралык маалыматтарды, баатырлардын ата-тегин көп киргизүү менен уруулук коомдун жалпы картинасын тартат: ал кезде жоого каршы жоокер тандоодо, аскерлерге жылкы, азык-оокат, кийим-кече даярдоодо ошол урууларга салык салынган, олжодон түшкөн мал-жан, дүйнө-мүлк да бардык урууларга бирдей бөлүнүп берилген.

Тексттин абдан көп жеринде «кырк уруу кыргыз» деп айтылат, «алтымыш уруу алаш» делинет. Демек, ал кезде кыргыздар кырк уруудан турган, кырк жигит да бекер алынган эмес, ошол Манастын айланасында жүргөн кырк жигит ар түрдүү уруулардын куралган, а түгүл душман уруулар да болгон. Ал эми алаш урууларына казактар да кирген.

Эпосто кездешкен уруулар: абат, алчын, ардай, багыш, басыз, бостон, жедигер, катаган, кесек, кыдырша, каңды, кыпчак, моңгол, найман, нойгут, окчу, тейит, төөлөс, эштек ж.б.

Эми айрым уруулардын эпосто кезигиши боюнча таблица аркылуу карап көрөлү.

**Таблица 1 – «Манас» эпосунда кездешкен айрым уруу-уруктардын өкүлдөрү жана алардын жайгашкан жерлери (тексттен такталбаган учурлар кездешет)**

| уруу аты | алардын өкүлдөрү | жайгашкан жерлери |
|---|---|---|
| Абат (Набат, Абаат) | Акун бек, Калдар | Кыргыз уруулары менен кошо жүрөт. Көбүнчө бостон, нойгут менен бирге айтылат. Ташкенге аким болгондору тууралуу маалымат кездешет. |
| Алчын | | Казак уруусу. Кыргыздар менен кошо согушка чыгат. Үйшүн, аргын, найман менен бирге айтылат. |
| Аргын | Каракожо | Алтай айланасы. Манас туулганда тойго чакырылат. |
| Багыш | | Манас менен кошо жүрөт. Башкы каармандар катышкан согуштарга катышат. |
| Басыз | | Башкы каармандар катышкан согуштарга катышат. Мундуз, кушчулар менен кошо айтылат. |
| Бостон | | Жөөкөс (жоокесек), думара менен бирге кыргыз уруусу делет |

| | | |
|---|---|---|
| Кыпчак | Байжигит, Элеман, анын уулу Төштүк, Ошпур, Кылыч бек Эр Үрбү, Калдаң бий, Чаганбай ж.б. | Сары-Кол, Кашкар, Камбыл, Кабак-Арт Туш-Арык. |
| Моңол | Токотой | Башкы каармандар катышкан согуштарга катышат. |
| Найман | Көгөн баатыр, Көбөн баатыр | Алооке хандын согушунан улам Кырымга ооп кетет. |
| Нойгут | Акбалта, Чубак, Акымбек, Эрменбай | Сары-Кол, Кең-Алай, Ала-Айгыр, Лобнор, Үч-Турпан, Текес, Күнөс, Күрөө, Жылгындуу. |
| Ногой (С.Каралаевде огой) | Манастын уруусу. Эштек | Адегенде Алтайда турат. Кийин Ала-Тоого көчүп келет. |
| Катаган | Мунарбий, Хан Кошой | Ат-Башы ж.б. |
| Каңды (Каңгы) | Чегиш алп, Акбай, Кадырбай | Алтай. Жакып менен туугандар |
| Кыдырша | | Анжиан |
| Окчу | Салабат, Каракесек, Кейишбай | Ыспара |
| Тейит жана кара тейит | Акбай, Саламат, Кайгыл, Бөгөл Баатырлар | Манас менен кошо жүрүшөт. Кыргыз урууларынын бири, кыпчак менен кошо айтылат. Ооганга барганы, Ташкенди жеңип алганы тууралуу маалымат берилет. |
| Төөлөс | Шаабек, Медер | Анжиан, Кокон. |
| Эштек | Жамгырчы | Оогандын бери жагы делет. |

Жогорудагыдай кылып эпостогу бардык урууларды (алаштын, кыргыздын, калмактын, кытайдын ж.б.) таблица түрүндө түзүп чыксак, манасчылардын санжырачылык дареметине, билимдүүлүгүнө дагы терең күбө болор элек.

Кыргыздар мамиле, алака-катыш кылган башка уруулар жана уруулук топтор: шибээ (шибей), кара кытай, манжу, солон ж.б. тууралуу да манасчы-санжырачылык элдик билимдерине таянып бизге кеңири айтып берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. **Манас.** Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 1-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296 б.
2. **Манас.** Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 2-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 799 б.
3. **Манас.** Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 666 б.
4. **Манас.** Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 366 б.
5. **Манас:** Жүсүп Мамай – Manas: Jusup Mamay [Текст] / Ж.Мамай. – Үрүмчү, 2014. – 562 б.


**Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Хасанов Н.Б.**